Кырг
83.8
У 52

Нурия Умерова

# Башкы таймаш



Кыргт
83.8
У 52

**Нурия Умерова**

# Башкы таймаш




*сүрөтчү*
Эльнур Исаков

РДЮБ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

Бишкек 2022

УДК 821.51-93
ББК 83.84
У 52

Умерова Н.
У 52 «Башкы таймаш» / Исаков Э., -Б.: “Имак офсет”, 2022. 16 б.

ISBN 978-9967-491-03-8

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.
http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

Created with Bloom

ISBN 978-9967-491-03-8

УДК 821.51-93
ББК 83.84

© Умерова Н.

БДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 37313 б/8



Менин атым Иса. Бийди өтө жакшы көрөм, ошондуктан мени «Шамал» деп ат коюшкан. Азыр жаз мезгили. Мен мектепке баратам. Апам терезеден мага колун булгады. Мен ага жылмайып койдум.

Аябай толкунданып жатам. Себеби бүгүн кечинде мени чоң сыноо күтүп турат. Муздак шамал бетти аймалап, бүт денем ток ургандай дирилдейт. Мен жаздын ыргагы менен эч кимден тартынбай, көңүлдүү басып баратам.

Мен апакай имаратка жетип калдым. Бул менин сүйүктүү мектебим. Имараттын ичине кирип, жаңы жуулган полдун үстүнөн катуу чуркадым. Тайгаланып кетип, чукул бурулдум да, алдыга секирип кеттим. Классташтарым күлүп калышты.





Класста үп. Адабият мугалими кыялыбыздагы кесибибиз боюнча суроолорду берип жатат. Узун бойлуу, арык Улан класссташым тайманбастан кадам таштап, «атактуу ишкер болом» деди да, тактаны көздөй басты.

Класстагылардын баары күлүп, ага кол чаап жатышат.

Былтыр менин кебетеме балдардын каткырып күлгөнү эсиме түштү. Мен толук бала болчумун.

Анан бийлегенди үйрөнүү үчүн күн сайын машыга баштадым. Мурда жашы көргөн чипсынын ордуна үйдөн жасалган тамактарды жана жемиштерди жей баштадым. Көрсө, абдан туура кылган экенмин!




– Эй, дос, тилиңди жутуп алдыңбы? – деген Уландын күлкүсү менин ойлорумду бузду.

Ой, мени чакырып жатышат! Мен тактанын алдына чыга калдым.

– Сенин кандай эрмегиң бар экенин баарыбыз билебиз. Бирок кесип тандадыңбы? – деди мугалим.

– Бийчи болом.

– Бирок бий кесип эмес да. Кесип алып, өз адистигиң боюнча иштешиң керек. Бий олуттуу деле кесип эмес.

– Окуума бий тоскоол болбойт.

Мугалим үшкүрүндү:

– Макул, ордуңа отур.

Ашканадан тез татым алып түштөндүк. Кирүүгө коңгуроо берилди. Эх, математика! Мен теңдемелерди чыгара алам. Бирок математик болбойм.


Танапис. Мен терезенин жанында турсам, Улан өзүнүн достору менен жаныма басып келди.


– Эй, бийчи, кана, бийлечи! – деди ал.

– Силерге эмне керек? – дедим.

– Бийди кыздар эле бийлейт. Ушул эсиңде болсун. Минтип жүрсөң, сени менен эч ким дос болбойт, – деди Улан.

Баары кыткылыктап күлүштү. Улан менен чымыр балбан Андрей мени бири ийнимен, экинчиси көйнөгүмдүн жакасынан тартышты. Бий пируэтин жасап, алардын колунан жылмышып чыгып кеттим. Карасам эле, мектептин бою чоң, өзү сүрдүү деректири мандайымда туруптур. Ал жаныман өтүп, тентектерди урушуп, менин далымды таптап койду.






Англис тили сабагында жакшы жооп берип жаткам. Менин бий машыктыруучум шашып класска кирип келди.

Кечирим сурап, жарыя айтты:

– Балдар, кечинде башталгыч класстардын арасында хип-хоп бийчилеринин маанилүү мелдеши болот. Силердин класста окуган Иса шаарыбыздын атынан чыгат. Дүйнөнүн эң мыкты хип-хоп бийчилер тобу Les Twins да келип катышат. Жеңүүчүлөр алардын командасында бийлөөгө мүмкүнчүлүк алышат. Кирүү акысыз, баарыңарды бий таймашты көрүүгө чакырабыз. Силер да келгиле! Исаны колдоп коёлу! – деди



Сабак бүтөрү менен спорт залга чуркадым. Мага кыймыл керек. Музыка жаңырып, мен ыргак менен бир бүтүн болуп жаттым. Өзүмдү эркин сездим.

– Иса, эч нерсени ойлонбой, музыканы гана ук. Сен мыктысың, жеңишке жетишесиң! – деди машыктыруучум жаныма келип.

Кеч кирди. Мен үчүн маанилүү учур келди. Жаркыраган жарык сахнада турдум. Барабандын кагуусуна окшогон ыргак угулат. Менин жүрөгүм да ошол ыргак менен кошо согуп жаткандай туюлат.

Ыргакты жана обонду ээрчийм. Мен ар кандай стилде бийледим. Өзүмдү эркин сездим. Алгач сегиз бийчинин, андан кийин төртөөнүн арасынан оңой эле тандалып өттүм.





Сахнада эми Майк экөөбүз жалгыз калдык. Майк – бул Медер. Ал шаардагы эң мыкты бийчи. Майк ар кандай жаңы элементтери бар бийдин өзгөчө ыкмасын өздөштүргөн. Ал көп өлкөлөргө барып, бийлегенди жакшы үйрөнгөн болчу. А мен болсо дүйнөнү эми гана кыдырам деп кыялданган баламын.

Мелдеш башталып, Майк көрсөткөн укмуш бийден кийин сахнага мен чыктым. Музыканы тулку боюм менен сезип турдум. Фристайл – бул менин жан дүйнөмдүн деми. Жүрөгүм күчтүү ыргакты кагып, менин кыймылдарым шаттуу кайрыктарды туурап жатты.




Мен токтоп, демимди бастым. Карасам, апам көрүүчүлөрдүн арасынан колун жогору көтөрүп, мени карап туруптур. Демек, бардыгы жайында экен. Классташтардын кыйкырыктарын, сүрөөндөрүн угуп, мектептеги «тентектердин» таң калган жүздөрүн көрдүм.

Экөөбүздүн бийибиз боюнча калыстар бир пикирге келе албай, кайра мелдештин кайталанышын жарыялашты. Калыстар Les Twinsтен добуш берүүнү суранды. Зал дуулдаганда, менин жүрөгүм дүкүлдөп кетти. Баары: «Иса, Шамал, Иса!» – деп кыйкырып жатышты.





Les Twins жеңиш мага тиешелүү экендигин билдирди. «Шамал» өзүнүн музыкалуулугу жана ийкемдүүлүгү менен калыстар тобун ынандырды», – деп жарыялады.

Мен бакытка балкып турдум! Сүйүнгөнүмөн крисс-кросс жасадым. Колумду көтөрүп, мени колдогондордун баарына ыраазычылык билдирдим.

**КРИСС-КРОСС** – алгач бул жөнөкөй элемент катары көрүнүшү мүмкүн: секирүүдө буттар ашталып, ийилгендей көрүнөт. Крисс-крос өтө ыкчам аткарылат.

Мен жеңдим! Демек, баары жайында. Башка өлкөлөргө барып, бийлегенди үйрөнөм.

Абдан кубанычтамын! Мени аздек (кумир) туткандар колумду кысышты. Классташтарым да чуркап келишип, мени кучактап жатышты. Бүгүн менин эң бактылуу күнүм. Эртең мындан да жакшы болот!

**ФРИСТАЙЛ** – бий стили. Түрдүү бийлердин багыттары менен кыймылды камсыз кылып турат. Бийчи элементтердин түркүн топтомун айкалыштырып, каалагандай бийлес боло берет.

**БИТ** – музыкалык ритм, «кагыш», «сокку» дегенди билдирет. Музыкалык композициянын ритмдик бөлүгүн белгилөө үчүн колдонулат





РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 373136/р

Басууга 16.09.2022-ж. кол коюлду. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 64x92 $^{1}/_{8}$. Көлөмү 2,0 накта басма табак. Нускасы 15300.

**ЖЧК «Имак офсет» басмаканасында басылды. Бишкек ш., Матросов к., 1А.**

25,40

РБДЮ
37313 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*автор*
**Нурия Умерова**
*сүрөтчү*
**Эльнур Исаков**

Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот.

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**

USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору
Кыргыз Республикасы